БИЛИП АЛЫҢЫЗ

# Микрокаржылоодогу мүмкүнчүлүктөр менен тобокелдиктер

***Өлкөбүздө банктардан же микрокаржылоо уюмдарынан чакан кредиттерди алып, аны туура пайдалануу менен айыл чарбасындабы, соода-сатыктабы же өндүрүштөбү өзүнүн ишкердигин жолго коюп алган жарандарыбыз бир топ. Ошону менен бирге эле банктардагы жана микрофинансы уюмдарындагы микрокаржылоо рыногунун өзгөчөлүктөрүн, алардын мүмкүнчүлүктөрүн жана аларда кездешкен ар кандай тобокелдиктерди биле бербегендиктен, кредитти кайтарып берүүдө бир топ кыйынчылыктарга туш болуп калышкандар да жок эмес. Ошондуктан, коммерциялык банктардын жана микрокаржылоо уюмдарынын мүмкүнчүлүктөрү жана аларда кездешкен тобокелдиктер жагдайында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Тышкы көзөмөл башкармалыгынын башчысынын милдетин аткаруучу Нурлан Маркилович Ибраев менен маектештик.***





***- Учурда жарандарыбыз микрокредиттерди банктардан, ошондой эле микрокаржылоо уюмдарынан да алып жүрүшөт. Дегеле, банктар менен микрокаржылоо уюмдарынын өзгөчөлүктөрү эмнеде?***

- Азыркы күндө коммерциялык банктар банктык кызматтарын жана продуктуларын кеңири тартуулап келе жатат, анын ичинде микронасыялар да бар. Микронасыялардын өлчөмү орто эсеп менен 50 миң сомду түзөт жана документтерине минималдуу талаптар коюлат. Ушундай жагдай микронасыяны тез алууга шарт түзөт. Өз кезегинде, мындай насыялардын күрөөсү болуп 2 же 3 адамдын кепилдиги боло алат. Албетте бул коммерциялык банктардын өз көз карашына ылайык ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык: “Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө” мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасында юридикалык жактардын, жеке адамдардын депозиттерин жана башка акча каражаттарды тартуу үчүн жана аларды кайтарып берүү, төлөп берүү, мөөнөттүүлүк шартында өз атынан жайгаштыруу, ошондой эле кардарлардын тапшыруусу боюнча эсептешүүлөрдү иш жүзүнө ашыруу үчүн түзүлгөн финансы-кредиттик мекеме банк болуп саналат. Андыктан, банк акционердик коом түрүндө түзүлүүчү жана өз ишин Кыргыз Республикасынын Улуттук (Борбордук) банкы тарабынан берилген лицензиянын негизинде Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына ылайык жүргүзүүчү юридикалык жак болуп саналат.

Ал эми “Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө” мыйзамына ылайык (кыскартылып “МФУ” мыйзамы деп айтылат) жеке жана юридикалык жактар үчүн, анын ичинде банк ишинин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык, микрофинансы кызматтарын көрсөтүү максатында юридикалык жак катары түзүлгөн, адистештирилген финансы-кредиттик же кредиттик мекеме (микрофинансы компаниясы, микрокредиттик компания, микрокредиттик агенттик) микрофинансы уюму болуп саналат.

Микрофинансы уюму өз ишин Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясынын негизинде ишке ашырат. Микрофинансы уюму банк болуп саналбайт жана “МФУ” мыйзамынын талаптарына ылайык, айрым банк операцияларын жүргүзө алат.

Акционердик коом формасында түзүлгөн, Улуттук банктын лицензиясын алган, юридикалык жана жеке жактарды микрокредиттөөнү жана операциялардын башка түрлөрүн, анын ичинде жеке жана юридикалык жактардан “МФУ” мыйзамында каралган мөөнөттүү аманаттарды тартууну жүзөгө ашыруучу адистештирилген финансы-кредиттик мекеме микрофинансылык компания болуп саналат.

Коммерциялык уюмдун кандай болбосун уюштуруу-укуктук формасында түзүлгөн, Улуттук банктын күбөлүгүн алган, жеке жана юридикалык жактарды микрокредиттөөнү жана “МФУ” мыйзамында каралган операциялардын башка түрлөрүн жүзөгө ашыруучу адистештирилген финансы-кредиттик мекеме микрокредиттик компания болуп саналат.

“МФУ” мыйзамында белгиленгендерди кошпогондо, коммерциялык эмес уюм формасында түзүлгөн, Улуттук банктын күбөлүгүн алган жана уюмдун уставдык максаттарына ылайык жеке жана юридикалык жактарды микрокредиттөөнү жүзөгө ашыруучу адистештирилген кредиттик мекеме микрокредиттик агенттик болуп саналат.

***- Микрокаржылоонун мүмкүнчүлүктөрүнө токтолсоңуз?***

- Микрокаржылоо – жакырчылыкты жоюуга көмөк көрсөтүү, иш менен камсыз кылуунун деңгээлин көтөрүүгө, ишкердикти өнүктүрүүгө жана калкты социалдык мобилизациялоого көмөк көрсөтүү максаты үчүн жарандарга микронасыялар аркылуу каржылык кызматтарга мүмкүнчүлүк ачат. Андыктан, микрокаржылоо айыл-чарбасын, соода-сатыкты, коммерциялык операцияларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, транспорт, байланыш сыяктуу тармактарды камтып, керектөөчүлүк жана башка насыялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык берилет.

***- Микрокаржылоодо кандай тобокелдиктерди күтүүгө болот?***

– Микрокаржылоодогу негизги тобокел болуп насыя тобокели саналат, башкача айтканда, микронасыяларды жана аны колдонгондугу үчүн эсептелген пайыздарынын төлөнбөөсү. Мындан тышкары, финансылык мекемелер кездешүүчү башка дагы негизги тобокелдер бар.

***- Айтмакчы, эксперттер микрокаржылоодо бир нече тобокелдиктерди белгилеп жүрүшөт. Айталы, базар тобокелдиги деген эмне?***

– Базар тобокели – бул МФУ дуушар болгон базардык пайыздык чендердин жана чет өлкөлүк валюталарынын алмашуу курстарынын өзгөрүүсүнүн негизиндеги чыгаша тобокели. Көпчүлүк МФУлар үчүн базар тобокелинин келип чыгуу булагы активдерди жана милдеттенмелерди төлөө мөөнөттөрүнүн жана алардын пайыздык чендеринин дал келишпестигинен пайда болгон тобокел.

***- Операциондук тобокел деген эмне? Бул тобокелдик эмнеден улам келип чыгышы мүмкүн?***

- Операциондук тобокел – тышкы окуялардын, жумушчулардын каталары, алдамчылык, ошондой эле процесстердин, көзөмөлдөө системасынын же эрежелеринин бузулушунун натыйжасында МФУлардын операцияларынын бузулуусунун негизинде МФУлар дуушар болгон түз жана кыйыр чыгымдары.

***– Стратегиялык тобокелдикти да чечмелей кетсеңиз?***

– Стратегиялык тобокелдик – бул банктын өнүгүүсүн жана ишмердүүлүктүн стратегиясын аныктоо (стратегиялык башкаруу) боюнча чечим чыгаруунун жыйынтыгынан чыккан каталардын (кемчиликтердин) негизиндеги кредиттик уюмдарындагы пайда болгон чыгаша. Туура эмес же толук эмес негизделген ишмердүүлүктүн перспективдүү багыттарын аныктоодо, жетишээрлик эмес учет же учеттун жоктугунан, банктын ишмердүүлүгүнө зыян келтире турган мүмкүн болуучу коркунучтардын негизинде, конкуренттердин алдында банк артыкчылыкка жеткире турган, зарыл ресурстардын (финансылык, материалдык-техникалык, адамдык) жана уюштуруу чаралардын (башкаруу чечимдеринин) жоктугунан же толук эмес көлөмдөгү кредиттик уюмдарынын ишмердүүлүгүнүн стратегиялык максаттарына жетүү багыттарынан улам келген тобокелдик.

***- Репутациялык тобокелдик деген да түшүнүк бар экен?***

- Репутациялык тобокелдик – бул тез өтүүчү тобокелдик , ал жалпы өлкөлүк тобокелдикке да кирет.

***- Тигил же бул коммерциялык банктын же микрокаржылоо уюмунун келечекте банкрот болуп калбасын кантип алдын ала билүүгө болот?***

- Эң негизгиси, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензия - каттодон өткөндүгү тууралуу күбөлүгү, МФУнун репутациясына, МФУнун каржы шарттарына жана башка нерселерге көңүл бурууга тийиш.



**Дайырбек МЕЙМАНОВ,**
**m_daiyr@mail.ru**